| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ЫСЫК-КӨЛ ОБЛУСУ<br>ТОҢ РАЙОНУ<br>АК-ТЕРЕК АЙЫЛ<br>АЙМАГЫНЫН ЖЕРГИЛИКТҮҮ<br>КЕҢЕШИ | | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ИССЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>ТОНСКИЙ РАЙОН<br>МЕСТНЫЙ КЕНЕШ<br>АЙЫЛНОГО АЙМАКА<br>АК-ТЕРЕК |
|---|---|---|

**Ак-Терек айыл аймагынын жергиликтүү кеңешинин**
**VIII чакырылышынын XII кезектеги сессиясы**

# ТОКТОМ

2026-жылдын 25-февралы №186 Кара-Коо айылы

**Ак-Терек айыл аймагынын 2026-жылдын жайыттын иш планын бекитүүгө макулдук берүү жөнүндө**

"Ак-Эмгек-Тазалык" муниципалдык ишканасынын жайыт адисинин Б.Талиповдун маалыматын угуп, Ак-Терек айыл аймагынын 2026-жылдын жайыттын иш планын бекитүү боюнча, Ак-Терек айыл аймагынын жергиликтүү кеңешинин депутаттарынын сунушун угуп, талкуулап, Ак-Терек айыл аймагынын жергиликтүү кеңешинин сессиясы **токтом кылат:**

1. Ак-Терек айыл аймагынын "Ак-Эмгек-Тазалык" муниципалдык ишканасынын жайыт адиси Б.Талиповдун 2026-жылга карата иш планы 1-тиркемеге ылайык бекитилсин.

2.Бул токтомдун аткарылышын камсыз кылуу жагы "Ак-Эмгек-Тазалык" муниципалдык ишканасынын жетекчиси Д.Содонбековго жана "Ак-Эмгек-Тазалык" муниципалдык ишканасынын жайытынын адиси Б.Талиповго милдеттендирилсин.

3.Бул токтом каттоого алынып Кыргыз Республикасынын укуктук ченемдик актыларынын реестрине киргизүү үчүн Ысык-Көл областтык Юстиция башкармалыгына жиберилсин.

4. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөөнү өзүмө калтырам.

Төрага А.А. Мамбетов